**И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ
КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ
КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 07.20.624 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ**

**Кол жазма укугунда
УДК:947.1/9.(575.2)378.193**

**АЛЫКУЛОВА ГҮЛБҮ КОРОШОВНА**

# «КЫРГЫЗСТАН МЕНЕН РОССИЯНЫН ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНЫН КЫЗМАТТАШТЫГЫ (1991 – 2011- жж.)»

**07.00.02 – Ата Мекен тарыхы**

**Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип
алуу үчүн жазылган диссертациянын**

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**БИШКЕК – 2021**

**Диссертациялык иш Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Тарых жана чөлкөм таануу факультетинин Кыргызстан тарыхы кафедрасында аткарылды.**

**Илимий жетекчи:** **Курбанова Назира Умаровна**
тарых илимдеринин доктору, профессор,
И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Э.Ж. Маанаев атындагы Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү факультетинин деканы

**Расмий оппоненттер:** **Абытов Байболот Капарович**
тарых илимдеринин доктору, пофессор,
Ош мамлекеттик юридикалык институтунун эл аралык байланыштар боюнча проректору

**Жоробекова Айнур Эшимбековна**
тарых илимдеринин кандидаты, профессор,
Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер Министрлигинин К.Дикамбаев атындагы дипломатиялык академиясынын эл аралык мамилелер жана укук кафедрасынын башчысы

**Жетектөөчү уюм:** К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин Эл аралык мамилелер кафедрасы (720044, Бишкек ш, Ч. Айтматов просп, 27)

Диссертация 2021 – жылдын 26-февралында саат 15-00дө И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д 07.20.624 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. *Дареги:* 720026, Бишкек ш., Раззаков көч., 51а.

Диссертация менен И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин (720026, Бишкек ш., Раззаков көч. 51а) жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (720033, Бишкек ш., Фрунзе көч. 547) илимий китепканаларынан, ошондой эле диссертациялык кеңештин «arabaev. kg» сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2021-жылдын 27-январында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, тарых илимдеринин доктору** **Карыева А.К.**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Азыркы мезгилде дүйнө өтө динамикалуу өзгөрүп, жаңы билимдер жана технологиялар тез темп менен күн санап пайда болууда. Ошол эле учурда мезгил адамзат коомунун алдында улам жаңы өзгөрүүлөрдү, талаптарды тынымсыз коюп келүүдө. Адамзат ишмердүүлүгүнүн бардык формаларынын интеллектуалдашышы азыркы өлкөлөрдө жалпы тенденцияга айланып калды. Азыркы ааламдашкан конкуренцияда билимдүү, интеллектуалдуу жактан өнүккөн гана коомдор анын талабына жооп берип жана атаандашууга туруштук берип жашап калышы мүмкүн.

Ошондуктан, дүйнөлүк коомчулук билим берүү процессин андан ары өнүктүрүүдө жаңы, креативдүү ыкмаларды, жолдорду, багыттарды, технологияларды табуунун аракетин жасап жатышат.

Кыргыз Республикасы өзүнүн стратегиялык программаларында өлкөнүн өнүгүшүнүн артыкчылыктуу багыты жана куралы катары жогорку кесиптик билимди жайылтууга, анын сапатын жогорулатууга өзгөчө көңүл бурат. Азыркы доордо жогорку окуу жайлары үчүн ааламдашуу процессинин талаптарын аткаруу интеграциянын жана өнөктөштүктүн алкагында гана чечүү мүмкүн. Бул таризден алганда Кыргызстан менен Россиянын билим берүү жаатындагы өз ара карым-катнашы, кызматташтыгынын тарыхы кенен жана тажрыйбасы мол.

Советтик элдердин бирдиктүү үй-бүлөсүндө калыптанган тарыхый, идеологиялык, коомдук-саясий, социалдык-экономикалык жана маданий мурастардын жалпылыгы, Кыргызстан эгемендүүлүккө жетишкенден кийин деле, Россия негизги стратегиялык өнөктөшү бойдон кала берген.

Учурда, жогорку билим берүү жаатындагы кыргыз-орус мамилелери позитивдүү реалдуулукка жана мындан аркы кызматташуу үчүн чоң потенциалга ээ. Аларды окуу-методикалык негиздер, билим берүү стандарттары, илимий, техникалык жана гуманитардык билимдердин жалпылыгы бириктирип турат. Ар кандай мүмкүн болгон механизмдер аркылуу Кыргызстан жана Россия Федерациясы университеттер аралык байланышты сактап, алардын өнүгүүсүнө көмөктөшүүгө аракет кылып жатышат. Бүгүнкү күндө Кыргызстанда, Россиянын бир топ жогорку окуу жайлары бар, алардын флагманы Кыргызстандын жана ошондой эле Россиянын жарандарына билим берген – Кыргыз – Орус (Славьян) университети (КОСУ) эсептелет

Ар кандай көлөмдөгү долбоорлор жыл сайын Россия Федерациясынын Билим берүү жана илим министрлиги, Роскызматташтыгы жана “ Орус Дүйнөсү” фондусу тарабынан эки тараптуу, ыңгайлуу натыйжаларды берүүчү, ар кандай масштабдагы проектилер ишке ашырылып турат.

Ошол эле учурда, кызматташтык жөнүндөгү келишимдердин бардыгы эле ишке ашырылбай же формалдуу мүнөздө калып калгандары да жок эмес. Кыргызстандагы ЖОЖдордун эл аралык бөлүмдөрүнүн мезгилдик архивдерин талдоодо, ата мекендик ЖОЖдордун демилгесиздигин жана пассивдүүлүгү байкалат.

Негизинен кызматташуу демилгелери жана иш-чараларды өткөрүү боюнча Россиянын активдүүлүгүн көрүүгө болот.

Ушуга байланыштуу, эки өлкөнүн жогорку окуу жайларын жаңы тарыхый шарттарда өз ара кызматташуунун жана интеграцияланышынын мындан аркы көйгөйлөрүн жана перспективаларын аныктоо максатында анализ жана илимий изилдөө зарыл.

**Диссертациянын темасы ири илимий багыттар, программалар жана негизги илимий иштер менен байланышпайт. Аталган диссертациялык иш демилгелүү эмгек болуп саналат.**

**Изилдөөнүн максаты** –Кыргызстандын жана Россиянын жогорку окуу жайларынын кызматташтыгынын жаңы саясий жана экономикалык шартта интеграциялык процесстердин ишке ашырылышын жана билим берүүнүн сапатын жогорулатуудагы негизги багыттарын изилдөө жана талдоо.

Эмгектин жалпы максатына ылайык, аны ишке ашыруу үчүн диссертант тарабынан төмөнкүдөй **милдеттер** коюлду жана аткарылды:

1. изилденүүчү маселенин тарыхнаамесине, булактык базасына жана методологиялык негиздерине токтолуу;
2. Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын жогорку билим чөйрөсүн жаңы тарыхый шартта демократиялаштыруу, рыноктук жана ааламдашуу мезгилиндеги реформалардын багыттарын талдоого алуу;
3. Кыргыз Республикасында жана Россия Федерациясында жаңы тарыхый шарттарда инженердик-техникалык жогорку окуу жайларынын ишмердигин, кызматташтыгын талдоо;
4. Интеграциялык процесстердин контекстинде эки өлкөнүн социалдык - гуманитардык жогорку окуу жайларынын (мындан ары ЖОЖ) өз ара кызматташуусун талдоо;
5. Кыргыз-Россия Славян университетинин (КОСУ) жогорку билим берүү чөйрөсүндө Кыргызстандын жана Россиянын ийгиликтүү интеграциялык кызматташтыгынын натыйжасы катары калыптанышын жана тарыхын чагылдыруу;
6. Кыргызстан менен Россиянын ЖОЖдорунун кызматташтыгын кеңейтүүгө жана мындан ары терендетүүгө жолтоо болгон проблемаларды аныктоо;
7. Өз ара кызматташуунун натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча практикалык сунуштарды жана жыйынтыктарды иштеп чыгуу.

**Диссертациянын илимий жаңылыгы:**

1.Диссертацияда Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү өз ара кызматташтыгынын тарыхнамесине жана тарыхый булактарына талдоо жүргүзүлдү.
2.Россия Федерациясынын ЖОЖдорунун жана КР ЖОЖдорунун өз ара кызматташуусун изилдөөнүн методологиялык негизи түзүлдү;
3.Эгемендүүлүк мезгилиндеги эки өлкөнүн жогорку окуу жайларынын өз ара байланыштарынын калыптануу жана өнүгүү тарыхы изилденди, ошондой эле бул байланыштардын негизги багыттары ар тараптуу илимий талдоого алынды;
4.Диссертациялык изилдөөдө жогоруда аталган тарыхый аралыктагы Кыргызстан менен Россия Федерациясынын инженердик –техникалык жана социалдык – гуманитардык ЖОЖдорунун кызматташтыгы жана алардын билим берүүдөгү интеграциялык процесстердеги орду аныкталды;
5.Кыргызстандын жана Россия Федерациясынын жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү кызматташтыгынын Кыргызстандын дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине кошулуусундагы ролу талдоого алынган.
6.Илимий иште Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү интеграциялык процесстерди өнүктүрүүнү жакшыртуу багытындагы практикалык сунуштар иштелип чыкты.

**Диссертациянын илимий практикалык мааниси:** Диссертациялык изилдөөнүн негизги жыйынтыктары жана жоболору жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн Ата Мекендик тарых боюнча жалпы, атайын лекциялардын курсун иштеп чыгууда жана илимий изилдөөлөрдө колдонулушу мүмкүн. Ошондой эле диссертациянын илимий жыйынтыктары өлкөлөрдүн билим берүү жана илим министрлиги жана жогорку окуу жайлары үчүн илимий жана практикалык маалымат катары көмөк көрсөтө алат.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

1. Эки мамлекеттердин интеграциялык процесстерине, ошондой эле Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүн Россияда ишке орноштуруу боюнча атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу маселелерине таасир эткен, евразия идеологиясынын принциптерин окуп үйрөнүү жана бирдиктүү евразия аң-сезимин калыптандыруу, улуттар аралык тилдик карым-катнашты өнүктүрүү негизги факторлордон болуп эсептелет.
2. Кыргыз-орус мамилелерин жана орус тилин өнүктүрүү зарылчылыгы өткөн тарыхый мезгил менен гана эмес, көбүрөөк деңгээлде Кыргыз Республикасынын жана Россия Федерациясынын жалпы стратегиялык келечеги менен шартталат. Жалпы маданий-тилдик, укуктук- ченемдик жана илимий-билим берүү мейкиндиги жөнүндө, мамлекеттик билим берүү стандарттарын, жогорку жана орто кесиптик билим берүү дипломдорун өз

ара таануу КР жана РФ ЖОЖдор аралык кызматташтыктын активдешүүсүнүн фундаменти болуп саналат.

3. Кыргызстан менен Россиянын ЖОЖдорунун активдүү жана ар тараптуу байланыштары өлкөнүн жогорку окуу жайларынын илимий, методикалык жана ресурстук потенциалын арттыруу менен кесиптик билим берүүнүн сапатын жакшыртууга олуттуу салым кошту.

4. Эки өлкөнүн жогорку окуу жайларынын ар тараптуу кызматташтыгы билим берүү чөйрөсүндө интеграция процессин тездетти жана дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине кошулуусунда маанилүү тепкич катары кызмат өтөдү.

5. Эки өлкөнүн жогорку окуу жайларынын ортосундагы инженердик – техникалык жана социалдык – гуманитардык байланыштардын активдүүлүгү жана көп кырдуулугу ЕАЭБ алкагында интеграциянын жалпы процесстерине оң таасирин тийгизди.

6. КОСУ –жогорку кесиптик билим берүүдөгү өзүнүн көп тараптуу ишмердиктери менен эки өлкөнүн жогорку окуу жайлары ортосундагы өз ара байланышты өнүктүрүүдө Кыргызстан менен Россиянын ЖОЖдорунун интеграциялык багыттагы иш-аракеттеринин жемиши жана үлгү-көрсөткүчү болуп саналат.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы:**

Диссертациялык иште учурдагы архивдик материалдардын негизинде эки өлкөнүн коомдук-саясий шарттарында жүргүзүлгөн реформалардын негизги багыттары изилденди. Интеграциялык процесстердин ченемдик укуктук базасы талдоого алынды. Эки өлкөнүн ЖОЖдорунун кызматташуусундагы жетишкендиктер жана проблемалар контекстинде жалпыга маалымдоо каражаттарына контент-талдоо жүргүзүлдү.Бул тематика боюнча саясий, маданий, экономикалык тарыхын изилдеген окумуштуулардын жаңы илимий жыйынтыктарына баа берилди. Эки мамлекеттин ЖОЖдорунун кызматташтыгы үчүн жаңы ой-пикирлер сунушталды.

Изилдөөнүн хронологиялык алкагы 1991-2011ж. диссертациялык иштин милдеттерине ылайык аныкталган.

**Изилдөөнүн апробацияланышы.** Диссертациялык иштин мазмуну жана илимий тыянактары эл аралык (Россия) жана республикалык илимий–практикалык конференцияларда жана тегерек столдордо апробацияланды. Изденүүчү тарабынан Кыргызстан менен Россиянын кызматташтыгы боюнча Ата мекен тарыхындагы Кыргызстандын эл аралык байланышы деген проблемаларда, айрыкча Кыргызстандын 20-80-жылдардагы өнүгүшү темасындагы Россиянын Кыргызстанга эл чарбасынын бардык тармактары боюнча кадрларды даярдоо процессинде Россиянын ролунун өзгөчөлүгү жана Кыргызстандын суверендүүлүк мезгилиндеги демократиялык транзит учурундагы темаларда билим берүү проблемасы боюнча ошондой эле Кыргызстандын билим берүү мейкиндигине жана Болон процессине

киришинде Россиянын практикалык жардамы автор тарабынан приоритет катарында белгиленип келет. Изденүүчүнүн илимий жоболору, автордун илимий конференцияларда жана Кыргызстан – Россия: жогорку окуу жайлар алкагындагы байланыштары (1991-2011-жж.) аттуу монографиялык эмгегинде (2018) да камтылган.

**Диссертациядагы илимий жыйынтыктардын жарыяланышы** Диссертациядагы илимий жыйынтыктар жана практикалык рекомендациялар автор тарабынан 15 макалада жана 1 монографияда чагылдырылган. Анын ичинен 8 макала РИНЦтен чыгарылган.

**Диссертациялык иштин структурасы:** Диссертациялык иш киришүүдөн, 4 баптан, 8 параграфтан, корутундудан, адабияттардын тизмесинен турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Киришүүдө диссертацинын темасынын актуалдуулугу, изилдөөнүн максаты жана алынган натыйжалардын илимий жаңычылдыгы, практикалык мааниси, коргоого сунушталуучу негизги жоболор, изилдөөчүнүн жеке салымы, диссертациянын апробацияланышы жөнүндөгү маалыматтар берилди.

**“Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынын өз ара байланыштарынын тарыхнаамеси”** деген 1 бапта – өлкөлөрдүн жогорку окуу жайларынын өз ара алакаларынын тарыхнаамеси талданды.

Кыргызстан менен Россиянын байланышынын, мамилелеринин тарыхы кенен жана хронологиялык жактан узак тарыхый мөөнөттү камтыйт. Октябр революциясынын жеңишинен баштап, эки өлкөнүн байланышы башка өңүттөн бир бүтүн мамлекет алкагында өнүккөн. Кеңеш бийлигинин улут саясаты, экинчиден, Кыргызстандын толук кандуу союздук республика статусуна ээ болгонго чейин РСФСРдын курамында болушу Кыргызстандын социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүшүнө өтө жагымдуу шарт түзгөндүгүн бүгүнкү күнү кайрадан салыштырып анализдеп дагы бир жолу ынанып жатабыз.

Маданий, социалдык, гуманитардык жактан жетишкен эгемен Кыргызстандын ийгиликтеринин пайдубалы ошол элибиздин РСФСРдын, СССРдин курамында түптөлүп жана өнүккөнүн эсепке алып, эгемен өлкөлөрдүн жогорку окуу жайларынын арасындагы байланышын, ич-ара кызматташтыгынын тарыхнаамесин да эки мамлекеттик алкакта бөлүп кароону туура көрдүк.

I баптын 1-параграфы “**Изилдөөнүн Кыргызстандагы тарыхнаамеси» -** деп аталып анда Кыргызстандын билим берүү системасын анын ичинде жогорку окуу жайлардын өнүгүшүнө Россиянын кеңеш мезгилиндеги кошкон салымы жана эки өлкөнүн ушул тармактагы байланышы окумуштуу – илимпоздор И.А. Соктоев менен Е.Т. Усубалиевдин “Высшая школа Советского Киргизстана”, К.К. Каракеевдин

“Киргизстан в братской семье народов СССР”, С.А Токтогоновдун “Становление и развитие социалистической культуры Советского Киргизстана (1918 – 1958 гг.)”, С.С. Данияровдун “Борьба Компартии Киргизии за всеобщую грамотность”, Е.Т.Усубалиевдин “Братское сотрудничество и взаимопомощь народов СССР в области высшего образования”эмгектеринде чагылдырылган.

Жогоруда аталган кеңеш мезгилиндеги Кыргызстан менен Россиянын окуу жайларынын ортосундагы байланыштарды, кызматташтыктарды чагылдырган эмгектердин илимий баалуулугу - алардын фактылык, статистикалык материалдары кийинки этаптагы кызматташтыкты, байланыштарды өнүктүрүүгө базалык кызмат аткаргандыгында болуп эсептелет.

Эгемендик алгандан кийинки мезгилдеги Кыргыздардын жана Кыргызстандын дүйнөнүн башка элдери, өлкөлөрү менен болгон алакасын, карым катнашын, байланышын алардын калыптанышын жана өнүгүшүн, билим берүү жаатындагы өткөөл мезгилдин тийгизген таасирин, жүргүзүлгөн реформалар, ага ылайык бул чөйрөдөгү кризистик абалдар, билим берүүнүн өнүгүү тенденциялары жана да билим берүүнү жаңы дүйнөлүк билим мейкиндигине кошуу аракетиндеги эл аралык кызматташуу Кыргызстандын бир топ окумуштуулары С.Ж. Токтомышевдин “Университет будущего. КГНУ: Прошлое, настоящее, шаги в XXI век”, Ш.Ж. Жусенбаевдин “Мировые тенденции развития высшего образования во второй половине XX века”, С. Токтогоновдун “Из истории высшего образования Кыргызстана”, К. Айдаркулдун “Международные отношения кыргызов и Кыргызстана: история и современность”, И.С. Болжурованын “Образование в Кыргызстане: стратегии и реалии переходного периода”, Н.У. Курбанованын “Интеграция Кыргызстана в мировое образовательное пространство”, Т.А. Абдырахмановдун “Высшая школа Кыргызстана в период демократического транзита”, А.Б. Абдрашевдин “Эволюция и унификация систем образования в Центральной Азии”, Курманали кызы Миранын “Проблемы и перспективы развития высшего педагогического образования в современном Кыргызстане, Н.Ж. Эсенкуловдун “Динамика и историческая преемственность суверенного развития”, Б.К. Абытов, У.Ж.Атамбаеванын “Ош мамлекеттик университети - билимдин жана илимдин флагманы”, А.Э. Жоробекованын “Основные тенденции и направления интеграционных процессов в Центральной Азии”, А.Э. Жоробекова, Н.К. Момошеванын “Хроника внешполитической деятельности Кыргызской Республики (1991-2002), А.Б. Бейшеналиевдин “Политика США в Центральной Азии и особенности сотрудничества с Кыргызстаном” деген эмгектеринде Кыргызстандагы жогорку билим берүү системасындагы реформалары жана саясаты талдоого алынуу менен, билим берүү тармагынын өнүгүүсүндө тышкы байланыштардын ролу мааниге ээ экени белгиленет.

Бул эмгектердин ичинен профессор Т.А. Абдырахмановдун жогоруда аталган эмгегинде Кыргызстандын тышкы саясатынын приоритеттүү багыты катары, билим берүүнү дүйнөлүк уюмдардын жардамы аркылуу интеграцияланышын чагылдырган.

Бириккен улуттар уюмунун алты уюмуна жана Европалык союзга кирип, билим берүүгө багытталган ар кандай программаларды жана проектилерди ишке ашырууда, финансылык жардамдарды көрсөткөндүгүн жазган. Алардын ичинен өзгөчө ТАСИС программасы 1991-2004 - жылдардын аралыгында Кыргыз Республикасынын ар кандай проектилерди ишке ашыруу үчүн 85 млн. евро бөлгөндүгүн белгилеген.

Автордун эмгектеринен постсоветтик Кыргызстандын жогорку билим берүү боюнча тажрыйба алмашышын, стажер мугалимдердин, стажер студенттердин алмашып, окутуп иштөө боюнча программалар жана зарыл болгон документтер, мамлекеттик билим берүү стандарттарынын, окуу пландарынын түзүлүшү боюнча кызыктуу, пайдалуу материалдарды, маалыматтарды камтыгандыгын айтуу абзел.

Автор Кыргыз Республикасынын билим берүү системасынын дүйнөлүк укуктук кызматташууга зарыл болгон көйгөйлөрдү да белгилеген. Ошондой эле, Кыргызстандын билим берүү системасынын интеграцияланышын, дүйнөлүк билим берүү системасынын ар кайсы системаларына интеграция болушун акырындап жана бир канча багытта болгондугун аныктаган.

Автордун ою боюнча эгемендүү Кыргызстандын алгачкы ийгиликтүү жана маанилүү I - кадамы катары анын КМШ өлкөлөрүнүн билим берүү системасына интеграция болушу;

Кыргызстандын билим берүү системасынын эл аралык интеграциялык ишмердигинин II – багыты анын регионалдык уюмдар Евразиялык экономикалык биримдик (ЕврАзЭс) жана Шанхай кызматташтык уюму (ШКУ) менен болгон кызматташтыгы;

Кыргыз Республикасынын билим берүү системасындагы эл аралык кызматташтыгынын III – вектору анын Болон процессинин алкагындагы Европалык билим мейкиндигине интеграцияланышы.

Биздин пикирибизче профессор Т.А. Абдырахманов бул жогоруда көрсөтүлгөн үч багытты туура аныктагандыгын биз дагы ушул диссертациялык эмгекти жазуу учурунда байкай алдык.

Автордун эмгектери Кыргызстандын билим берүүсүнүн эл аралык кызматташуусу татаал бирок туруктуу, ишенимдүү саясаттын негизинде жүргүзгөндүгүн көргөзө алган.

Автордун эмгектери цифралык жана даректүү документтерге бай экендигин жана ошол эле учурда автор, Кыргызстан менен Россиянын жогорку билим берүү кызматташтыгын алдына максат кылып койбогондугун белгилеп кетүүбүз зарыл. Анткен менен биздин изилдөө темабызга байланышкан айрым фрагменттерди жолуктурууга болот.

Ал эми, И.С. Болджурованын, Т.А. Абдырахмановдун, Н.У.Курбанованын, Ф.И. Рыскулуеванын, К. Райымбекованын, Н. Момошованын, И.В. Халанскийдин, Е.Г. Хоролецтин, Т.Ф.Черноустун докторлук жана кандидаттык диссертацияларында эгемен Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын өнүгүүсүндөгү маселелерди талдоого алуу менен, бул процессте жогорку окуу жайлардын эл аралык кызматташтыгынын орду бөтөнчө экенин белгилешкен. Бирок, Ата мекендик тарыхнаамеде кыргыз окумуштуу тарыхчылары тарабынан Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын кызматташтыгы атайын илимий изилдөөгө алынбагандыгын баса белгилөөгө болот.

Изилдөөнүн **“Теманын Россия Федерациясындагы тарыхнаамеси”** деп аталган I- баптын 2- параграфында биздин изилдөөгө алган проблема жана камтыган тарыхый хронология боюнча Россия тарыхнаамесиндеги илимий адабияттарга илимий анализ берилди. Белгилеп кетүүчү маселе Кыргызстандагы тарыхнаамеге салыштырганда Россиянын тарыхнаамесиндеги илимий эмгектердин санынын аздыгы.

Биз изилдеген проблема боюнча Россиянын президенти В.В.Путиндин сыйлыгына татыктуу болгон окумуштуулар С.К. Бондырованын, Л.П. Кураковдун, А.П. Лиферовдун, Н.Д. Никандровдун, П. К. Андреевичтин эмгектериндн КМШ өлкөлөрүндө бирдиктүү билим мейкиндигин түзүүнүн проблемаларына жана Россияда жана мурдагы СССРдин этносубъектеринде, анын ичинде Кыргызстанда билим берүү системасы идеологиялашуунун чегине жеткенин, ата мекендик жана дүйнөлүк маданияттан он жылдап ажырап, ал бир өндүрүштүк же эл чарбасынын тармагы катары бааланып, бирок 1980-жылдардан баштап реформалоо зарыл экендигин сезип, идеялык диктаттан бошогон толук кандуу коомдук турмуштун чөйрөсүнө айлануунун алдында тургандыгы ошондой эле Кыргыз мамлекетинин жогорку билим берүү саясатында проблемаларды чечүү, системаны өнүктүрүү үчүн ички ресурстарга эле таянбастан, билим берүүнүн КМШ жана дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине багыт алгандыгы айтылат.

Эгемендик алгандан кийинки мезгилдеги Кыргызстандын жана анын билим берүү жаатындагы эл аралык байланыштары, билим берүүнү жаңы дүйнөлүк билим мейкиндигине кошуулуу аракетиндеги эл аралык кызматташтыгы боюнча Россиянын окумуштуулары Г. Рудовдун “Россия - Кыргызстан. Российско – Кыргызские отношения: История и современность”, К.А. Пшенконун “СНГ: формирование общего культурного и туристического пространства”, А.В. Шипиловдун “Россия –Кыргызстан: исторический опыт формирования межкультурного дискурса”, А.А. Крутьконун “Внешняя политика современной России: Евразийские приоритеты”. деп аталган монографияларында изилдөөгө алынган.

Россия Федерациясынын жогорку билим берүүсүндөгү реформалардын өнүгүү багыттары жана мааниси тууралуу И.Д. Фрумин, В.И. Жуков, В.Н. Чистохвалов, А. Тихонов, В.М. Филиппов өз

эмгектеринде ар тараптуу талдоо жүргүзүшкөн. Ошондой эле М. Филиппов жана В.Н. Чистохвалов өздөрүнүн биргелешкен эмгегинде Россиянын М.В. Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетинин чет өлкөлүк жогорку окуу жайлары менен болгон байланыштарына учкай гана токтолуп өтүшкөн.

Ал эми Россия Федерациясынын жогорку билим берүү чөйрөсүнүн дүйнөлүк билим мейкиндигине интеграция маселелери, анын ичинде аталган мамлекеттин билим берүү системасына Болон процессин киргизүү, анын мааниси тууралуу изилдөөлөр А.И. Гретченко жана А.А. Гретченконун, В.И. Байденконун, В.Н. Чистохвалов жана О.С. Бедованын , Ф.Дж. Альтбахтын эмгектеринде изилдөөгө алынган.

Ал эми Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынын дүйнөлүк билим мейкиндигине интеграция процессинин маселелери В.М. Филиппов жана В.Н. Чистохвалов, В.А. Мясников, Э.М. Соколов, Ю.Г. Татур, Б. Макгоуэн, А.Хансен, Н.Джанаевалардын эмгектеринде чагылдырылган.

Бүгүнкү күндө дүйнөлүк билим берүү мейкиндигинин өнүгүү тенденцияларынын теориялык жана методологиялык негиздери З.И. Батюкова, А.П. Лиферов, И.А. Тагунова тарабынан изилденсе, билим берүүнүн эл аралык интеграциясынын баалуу-максаттуу аспекттери Б.С. Гершунский дүйнөлүк билим берүүдөгү интеграциялык процесстердин маңызы жана мүнөзү Б.Л. Вульфсон тарабынан иликтенген. Ал эми А.Торкуновдун, И.Бусыгинанын, Ю.Морозовдун, А.П. Лиферов жана башкалардын эмгектеринде Кыргызстан менен Россиянын билим берүү чөйрөсүндөгү өз ара байланыштары учкай изилдөөгө алынган.

Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынын өз ара байланыштарынын кызматташтыгынын айрым маселелери жогоруда аталган эмгектерде чагылдырылганы менен биз иликтөөгө алган эгемендүүлүктүн алгачкы жыйырма жылдыгындагы тарыхы алигиче комплекстүү түрдө изилдөөгө алынбагандыгын белгилейбиз.

**“Теманы изилдөөнүн булактык негизи, объекти, предмети жана изилдөө ыкмалары” -** деген 2 баптын 1 параграфы **“Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын өз ара байланыштарынын булактары” –** деп аталып изилдөөгө алынган тарыхый аралыкта Кыргыз Республикасында жана Россия Федерациясында жогорку билим берүү чөйрөсүн өнүктүрүүгө арналган бир канча расмий чечимдер, мыйзамдар, улуттук программалар, концепциялар кабыл алынган.

Ошондой эле архивдик фонддор мисалы, Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивинин фонддорунан И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз медициналык академиясынын Ф. №1734. 4339. д. за. 1939-1999 гг.; Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук унивеситетинин Ф. №869. 8778 д. за 1927-2005 гг. [52]; И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик

университетинин Ф. №2599. 845 д. за. 1950-2003 гг. [55]; Кыргыз улуттук консерваториясынын Ф. №2928.43 д. за. 1989-2013 [56]; И. Раззаков атындагы Кыргыз Техникалык университетинин Ф. №2566. 738 д.за. 1954-2000 гг. [98]; К. И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агарардык университетинин Ф. №2635. 847 д. за. 1934-2000 гг. [115]; Кыргыз-Орус Славян университетинин Ф. №2910. 1317. д. за. 1993-2008 гг. деген аталыштагы фонддор изилдөө учурунда маанилүү булак катары колдонулду**.**

Ошону менен бирге диссертациялык изилдөө учурунда КР Билим берүү жана илим министрлигинин учурдагы отчёттору, Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү системасынын абалы жана келечеги тууралуу Улуттук отчёту (1992-2001-жж), Борбордук мамлекеттик архивинин материалдары, Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын эл аралык бөлүмдөрүнүн учурдагы отчёттору, учурдагы архивдик материалдары, Кыргыз-Орус Славян университетинин учурдагы отчёттору, статистикалык маалыматтар, Роскызматташтыктын архивинин маалыматтары, Орус диаспорасынын “Гармония” борборунун маалыматтары, Жогорку билим берүү маселесине арналган Эл аралык саммиттердин, конференциялардын материалдары колдонулду. Андан тышкары биз изилдөөгө алган тарыхый мезгил аралыгындагы Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын ишмердигин чагылдырган жана илимий жетишкендиктерин көрсөткөн статистикалык жыйнактар да бизге фактологиялык материал катары маанилүү булак болду. Булак катары Кыргыз Республикасынын жана Россия Федерациясынын Билим берүү министрликтеринин, жогорку окуу жайларынын архивдик материалдары да пайдаланылды.

КРдин ЖОЖдорунун Эл аралык байланыштар бөлүмүнүн маалыматтары алардын учурдагы архивдик материалдары жана Кыргызстандын жогорку окуу жайлары менен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлары ортосундагы түзүлгөн жана башка бир нече Келишимдер жогорку окуу жайлары менен байланыштарын талдоого алганда фактологиялык маалымат катары роль ойноду.

Мындан тышкары интернет булактары да керектүү маалыматтарды алууда жардам берди. Бул булактар Кыргызстан менен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынын кызматташтыгын изилдөөдө, салыштырмалуу талдоо жүргүзүүгө, эки өлкө ортосундагы өз ара кызматташтыктын айрым маселелерин тактоого жана келечегин аныктоого мүмкүнчүлүк берди.

**Изилдөө ишинин объекти, предмети жана теориялык-методологиялык негиздери”** деп аталган II баптын 2 параграфында диссертациялык иштин **объектиси** болуп, 1991-2011-жылдар аралыгындагы Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынын өз ара байланыштарын, кызматташтыгын изилдөө саналат.

Диссертациялык иштин максатын жана анын милдеттерин жетекчиликке алып изилдөөнүн **предмети катары:** жогоруда белгиленген тарыхый мезгил учурундагы  эки өлкөдөгү жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү байланыштарынын негизги багыттары жана интеграциялык процесстер, аларды ишке ашыруудагы көйгөйлөр, жетишкендиктер жана тажрыйбалар тандалып алынды.

Аталган параграфта иштин теориялык-методологиялык негизин изилдөөнүн атайын жана жалпы илимий ыкмаларынын жыйындысы түзөөрү белгиленип, диссертациялык иштин изилдөө ыкмасы объективдүүлүк жана тарыхыйлуулук(историзм) принциптерине негизделип жазылгандыгы көрсөтүлдү.

**“Кыргызстандын жана Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынын эгемендүүлүк мезгилдеги байланыштары”** деген үчүнчү баптын **“Кыргызстандын жана Россиянын инженердик-техникалык жогорку окуу жайларынын кызматташтыгы”** деп аталган 1-параграфында КРдин жана РФнын инженердик-техникалык ЖОЖдорунун 1991-2011-жылдардагы кызматташтыгына жана анын интеграцияланышы иликтөөгө алынды.

Кыргызстандын эл-чарбасынын, экономикасынын структурасында айыл –чарбасы жана гидроэнергетика приоритеттүү багыттар болуп саналышат. Ошондуктан Кыргыз өкмөтү бул багыттагы реформаларга, модернизацияга дайыма көңүл бөлүп келет. Албетте, бул сферанын өнүгүшү, инновациялык технологияларды, санариптештирүү сыяктуу заманбап стратегиялык мааниси зор тармактарды өнүктүрүү ошондой заманбап билимге ээ адистерди, инженердик  техникалык кадрларды даярдоону талап кылат. Аларды тез жана сапаттуу даярдоо максатында жана ошондой эле айрым таңкыс деп саналган адистерди даярдоо үчүн Россиянын техникалык багыттагы адистерди даярдоочу жогорку окуу жайлары менен тыгыз кызматташтыкты өнүктүрүү, интеграцияны  тездетүү боюнча ар тараптуу байланыштар, келишимдер түзүлгөн. Буга байланыштуу мурдагы инженердик – техникалык кызматкерлерди даярдоонун устаканасы эсептелеген, СССРдин аймагына белгилүү болгон Политехникалык институт ири реформаларга туш болуп, курамынан техникалык жана курулуш, архитектуралык багыттагы окуу жайлар түзүлүп, Россиянын бул багыттагы жогорку окуу жайлары менен кызматташтыкты өнүктүрүүнүн чөйрөсү кеңейген.

Техникалык багыттагы  жогорку окуу жайлардын кызматташтыгынын негизги формалары өкмөттүк келишимдердин, жогорку окуу жайларынын кызматташтыгынын негизги формалары өкмөттүк келишимдердин, жогорку окуу жайларынын өз алдынча кызматташтыгынын факультеттер аралык макулдашуулардын негизинде жүргүзүлгөн. Флагман катары И.Раззаков атындагы КТУнун жетекчилери бул багыттагы Россиянын жогорку окуу

жайлары менен өтө активдүү иштерди жасагандыгы диссертациянын мазмунунда конкреттүү мисалдар менен көрсөтүлдү.

Кыргызстан менен Россиянын техникалык жогорку окуу жайларындагы топтолгон кызматташтыктын интеграция тармагындагы кызыктуу жана баалуу тажрыйбалардын натыйжасында, 2011-жылы 12-апрелде Москвада Соода –экономикалык, илимий – техникалык жана гуманитардык кызматташуу боюнча кыргыз-орус Өкмөттөр аралык коммиссиянын 13-отурумунда эки мамлекеттин инженердик-техникалык жогорку окуу жайларынын концециумду калыптандыруу Концепциясынын протоколу сунушталган. Россия менен Кыргызстандын техникалык ЖОЖдорунун Россия - Кыргызстан концерциумунун түзүлүшү, ошол изилдөөгө алынган жыйырма жылдык кызматташуусунун жыйынтыгы жана жемиши экендиги диссертацияда баса белгиленген.

**“Өлкөлөрдүн социалдык – гуманитардык жогорку окуу жайларынын байланыштары”** деген аталыштагы 3 баптын 2 параграфы негизинен Кыргызстан менен Россиянын социалдык – гуманитардык багыттагы ЖОЖдорунун байланыштары жана бул алакалардын эки өлкөнүн өз ара кызматташтыгынын бекемделишиндеги ролу талдоого алынды.

ЖОЖдордун эл аралык кызматташтыгында Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын ортосундагы социалдык – гуманитардык ЖОЖдорунун байланыштары өлкөбүздүн саясый –экономикалык жаңы система шартында жогорку билимди өнүктүрүүсүнө жана сапатын жогорулатуусуна түздөн-түз көмөк берген. Анткени, ЖОЖдордун эл аралык бөлүмдөрүнүн иши активдешип, ал эң оболу салтка айланган практикага ылайык Россия Федерациясына басым жасаган.

1996-жылдагы РФнын Өкмөтү менен КРнын Өмөтүнүн ортосундагы ЖОЖдор чөйрөсүндөгү кызматташтык тууралуу келишим эки өлкөнүн ЖОЖдорунун ортосундагы мамилелердин кеңейүүсүн шарттаган. Натыйжада, Кыргызстанда Россиянын ЖОЖдорунун филиалдары пайда болгон. Ошондой эле Россиянын Элдердин достугу, Москва Лингвистикалык университет ж.б. ири окуу жайларына бюджеттик орундар жыл сайын көбүрөөк бөлүнө баштаган.

РФнын социалдык-гуманитардык багыттагы ЖОЖдору менен кызматташтыкта Ж.Баласагын атындагы КУУ, К. Молдобасанов атындагы КУК, К.Карасаев атындагы БГУ, И.Арабаев атындагы КМУ, ОШМУ ж.б. аймактык ЖОЖдор да байланыштарын түзүп, кызматташ болуп келе жатышат.

Эки өлкөнүн социалдык-гуманитардык багыттагы ЖОЖдору ортосундагы байланыштары рынок талабына керектүү кесипкөй, заманбап кадрларды даярдап чыгаруусу менен Кыргызстандын социалдык – экономикалык өнүгүүсүнө чоң салым кошуп жана өлкөлөрдүн интернационалдык мамилелерин бекемдөөгө салым кошуп жатат. Бул маселелер диссертациянын мазмунунда кенен чагылдырылган.

Диссертациялык иштин 4-бабы **“Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын билим берүү системаларынын интеграцияланышы”** деп аталып, анын 1- параграфы **“ Эки өлкөнүн жогорку билим берүү системасынын интеграцияланауусу жана Кыргыз – Орус Славян университети анын көрсөткүчү катары”** деп аталды.

Кыргызстанда да билим берүү процессинде интеграциялык системага кирүүгө карата даярдыктар көрүлгөн мезгилден тартып эл аралык билим берүү программаларынын талаптарына жооп берген кадрларды даярдоонун көп баскычтуу системасы иштелип чыккан. Буга ылайык өлкөнүн жогорку билим берүүсүндө ийкемдүү мамлекеттик билим берүү стандарты иштелип чыгып, окуу жайларга киргизилген.

Кыргыз Республикасы бирдиктүү билим берүү мейкиндигине кирүүдө өзүнүн активдүүлүгүн көрсөтө алган. Алсак, 1992-1999-жылдары эле өлкө бул багытта жакынкы чет өлкөлөр, анын ичинде Россия менен 13 өкмөттөр аралык келишимдерди түзгөн.

Бирдиктүү билим берүү мейкиндигине кошулуудагы маанилүү кадамдардын дагы бири республикадагы жогорку окуу жайлардын сан жагынан өсүүсү жана аларда кесиптик билим берүүдөгү ачыктык жана заманбап адистерди даярдоо мурдагыга караганда бир топко көбөйүүсү республиканын жогорку окуу жайларында чет өлкөлүк студенттердин көбүрөөк келип окуй баштоосуна өбөлгө түзгөндүгүндө болду. Кыргызстандын жогорку окуу жайларында 210 адистик боюнча билим жана кесип бериле баштады. Ошону менен бирге бул жогорку окуу жайларынын дээрлик бардыгы көп баскычтуу жогорку кесиптик билим берүүгө өтүштү. 51 жогорку окуу жайда бакалаврларды даярдоо ишке ашса, 19 жогорку окуу жайында магистрдик программа иштейт.

Кыргызстан менен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынын интеграция болуусунун көрсөткүчү катары 1993-жылы Кыргыз Республикасынын борбору Бишкек шаарында Кыргыз-Орус Славян университети (КОСУ) ачылган. Россия Федерациясынын Өкмөтү 1994-жылдын 19-апрелинде өзүнүн №326//128/1 Токтомунун негизинде Россия Федерациясынын Өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ортосунда 1994-жылдын 23-февралында Бишкек шаарында Кыргыз-Орус Славян университетин ачуу жана анын ишмердиктери жөнүндөгү кол койгон Келишимин бекиткен. Бул окуу жайдын ачылышынын негизги максаты эки мамлекеттин элдеринин өз ара мамилелеринин ынтымагын бекемдөө жана маданиятынын андан ары өнүгүүсү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү болгон.

Аталган окуу жайы мамлекеттик окуу жайы болуп, Россия Федерациясынын жана Кыргыз Республикасынын университети деген макамды алган. Окуу жайдын негизги милдети жана максаты орус тилдүү калк ичинен жана түпкү улуттун өкүлдөрүнөн гуманитардык, табигый

илимдер, илимий-техникалык, экономикалык жана юридикалык профилдеги адистерди даярдоо болгон.

Окуу жайдын кадыры жаштар жана коомчулукта бат жогорулап турган. Мисалы, КОСУ алгач ачылган жылы 156 студент гана окуган болсо 5 жыл ичинде, же 1998-жылы алардын саны 3167ге жеткен, башкача айтканда 20 эсеге көп болгон. Бүтүрүүчүлөрү орус жана кыргыз үлгүсүндөгү дипломдорго ээ болушат.

КОСУнун жетекчилиги, окумуштуулар жамааты илимдин актуалдуу тармактарын өнүктүрүүгө терең маани беришет. Чет өлкөлүк окумуштуулардын катышуусу менен эл аралык илимий жыйындарды, методикалык-практикалык конференцияларды ж.б.дайыма өткөрүп турушат. Алсак, 2011-жылы эле университеттин бардык факультеттери тарабынан 36 “тегерек стол”, 37 илимий конференция, 15 семинар, 5 тренинг,1 симпозиум уюштурулган.

2011-жылдагы малымат боюнча КРСУда 1072 чет өлкөлүк студенттер билим алган. Алардын ичинен 348 студент Россиядан, 429 студент Казакстандан, калгандары Түркмөнстандан, Тажикстандан, Кореядан, Пакистандан ж.б. алыскы жана жакынкы чет өлкөлөрдөн келип окугандар болуп саналат. КОСУнун учурдагы архивинен алынган маалыматтарга таянсак, окуу жайга келип окууну каалагандар жылдан жылга өсүп турган. Мисалы, 2009-жылы 850 студентти түзгөн болсо, 2011-жылы жогоруда белгилегендей 1072ге жеткен.

КОСУ чет өлкөлөрдөгү жогорку окуу жайлар менен өз ара кызматташтыктын жана интеграциялануунун жаңы үлгүлөрүн көрсөтүүгө жетише алган.

Төртүнчү баптын 2-параграфы **“Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын кызматташтыгынын проблемалары жана келечеги”** – деп аталып, ааламдашуу жана жаңы технологиялар, санариптештирүү революциясы билим жана илимдин динамикалуу өнүгүүсүн талап кылаары талашсыз. Кыргызстандагы экономикалык кризиске жана саясый айрым окуяларга карабастан, өлкөнүн алдындагы олуттуу милдеттердин бири - өзүнүн илимий билимдерин, интеллектуалдык потенциалын азыркы динамикалуу мезгилге жараша өнүктүрүү милдети турат.

90-жылдардын башында, ЖОЖдордун системасындагы жүргүзүлгөн реформалар, алардын кызматташтыгын эгемендик доорунда андан ары өнүктүрүү, мамлекеттин тышкы саясатындагы приоритеттүү маселелерден болгон. Кыргызстан менен Россия Федерациясы ар кандай мүмкүнчүлүктүү механизмдер аркылуу ЖОЖдорунун байланыштарын сактап калууга жана өнүктүрүү үчүн аракеттерди жасашкан. Ал мамлекеттер, өкмөттөр, парламенттер аралык келишимдер, ЖОЖдордун жана алардын факультеттеринин ишмердиктери аркылуу ишке ашкан.

Бирок, биз изилдөөгө алган жыйырма жыл ичинде, мындай аракеттер айрым учурда формалдуу же болбосо келишим түзүү менен гана чектелип калгандыгын айтууга болот.

Кыргызстан менен Россиянын ЖОЖдорунун кызматташтыгында Кыргызстандын ЖОЖдору бир кыйла пассивдүү ролду ойногондугу байкалат. Анткени, биз изилдеп жаткан проблеманы изилдөөдө, КРдин билим берүү жана илим министрлигинин эл аралык бөлүмүнүн отчетторунан, ЖОЖдордун учурдагы архивдеринен, борбордук архивдерден бул маселени чагылдырган булактарды, фактыларды табууда кыйынчылыктарды жаратты. Бул жерде кызматташтыктын жаңы шартта пайда болуп, калыптанып жаткандыгын кандайдыр бир объективдүү процесс экендигин да белгилеп коюуу абзел.

Бүгүнкү коомдун динамикалуу өнүгүш процессинде Кыргызстандын ЖОЖдорунун Россиянын ЖОЖдору менен ар тараптуу кызматташтыгысыз алардын перспективасын элестетүү мүмкүн эмес. 2020-жылга белгиленип жаткан дүйнөлүк деңгээлдеги М. Ломоносов атындагы ММУнун ОШ шаарында ачылышы өлкөбүздөгү чоң коомдук социалдык маданий-гуманитардык окуя болору шек туудурбайт. Ошол эле учурда Кыргызстан да активдүү позицияга өтүшү диссертацияда белгиленди.

Биз иликтөөгө алган 1991-2011-жылдар аралыгында айрым проблемалуу жагдайларды эске албаганда Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын ЖОЖдорунун байланыштарынын кызматташтыгы өлкөлөрдүн социалдык-экономикалык өнүгүшүндөгү маанилүү фактор экендиги диссертациянын мазмунунда көрсөтүлдү.

## ЖЫЙЫНТЫКТАР

1. Эгемендүүлүктүн алгачкы мезгилинен баштап Кыргыз Республикасынын жана Россия Федерациясынын жогоку билим берүү чөйрөсүндө бир мезгилде эле кардиналдуу реформалар ишке ашырылган.
2. Россия Федерациясы өткөөл мезгилдеги Кыргызстандын ЖОЖдорунун эл аралык интеграциялык процесске өтүүсүндө көпүрө катары кызмат өтөй алды. Анткени республиканын жогорку окуу жайлары Россиянын жогорку окуу жайлары менен СССР мезгилинен бери эле ар тараптуу активдүү кызматташтыкта болушкан жана бул байланыштар үзгүлтүксүз, ырааттуу жана туруктуу мүнөзгө ээ болгону менен айырмаланган. Эгемендик алгандан кийин да эки өлкөнүн жогорку окуу жайлары ортосундагы өз ара алакалар жаңы багыттарда жана мазмунда улантылган.
3. Кыргызстан менен Россия Федерациясынын жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү интеграциялануу процессинде Болон системасына өтүү чоң роль ойногон. Анткени биз иликтөөгө алган мезгилде эки өлкө тең Болон системасынын принциптерин кабыл ала баштаган жана өз ара кызматташууда бул принциптерди сактоого аракет кылган. Бирдиктүү жалпы европалык билим берүү мейкиндигин түзүүгө багытталган бул

системанын принциптери ириде билим берүүнүн сапатын жакшыртууга, студенттердин мобилдүүлүгүн көтөрүүгө арналып, натыйжада бүтүрүүчүлөр кесипке ээ болгон соң Европанын бардык өлкөлөрүндө үзүрлүү иштей алышат. Ошон үчүн Россия Федерациясынын да, Кыргызстандын да жогорку окуу жайлары өздөрүнүн ишмердиктеринде интеграциялык жана жаңычыл процесстерге умтулушкан. Иликтөөгө ылайык, Кыргызстандын жана Россия Федерациясынын бир топ ЖОЖдорунун окуу-методикалык процесстери Болон системасына ылайыкташкан.

4. 1991-2011-жылдар аралыгындагы Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлары ортосундагы байланыштарын изилдөө эки өлкөнүн бирдиктүү эл аралык билим берүү мейкиндигине кошулуусунда мындай кызматташтыктардын абдан маанилүү экендигин тастыктады. Бул байланыштар Кыргызстандын жогорку билим берүү чөйрөсүнүн сапаттык жактан жакшыруусуна жана жогорулоосуна да баа жеткис салымын кошкон деп айта алабыз.

5. Бирок биздин иликтөө көрсөткөндөй, эки өлкөнүн ортосундагы жогорку окуу жайлар ортосундагы кызматташуудагы бир жактуулук байкалат. Өз ара алакада негизинен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынын активдүүлүгү жана ресурстук колдоосу Кыргызстандын жогорку окуу жайлары үчүн басымдуулук кылат. Кыргызстандан Россияга барып окуп жаткандар, окууну каалгандар өтө көп, ал эми Россиядан Кыргызстанга келип окугусу келгендер алда канча аз. Окутуучулардын стажировкаларын уюштуруу боюнча да Кыргызстандыктар Россияга көп барышат. Ал эми мындай максат менен Россиядан Кыргызстанга келгендер КОСУдан башка ЖОЖдордо өтө чанда кездешет. Анын себептери өтө эле көп. Эң негизгиси тарыхый традиция.

6. Кыргызстандын жогорку окуу жайлары менен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлары ортосундагы кызматташтыктын келечеги бар экенин айтууга болот, бул айрыкча Кыргыз Республикасы үчүн абдан мааниге ээ. Анткени эки өлкөнүн ортосундагы көп векторлуу байланыштар жана кызматташуулар жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү активдүү алакага жагымдуу шарт түзөт. Экинчиден, жогорку кесиптик билим берүүдөгү инновациялык процесстердин өнүгүүсү эки өлкөнүн жогорку билим берүүсүндөгү интеграциялык процесси жакындатып, заманбап, мыкты адистерди даярдоого өбөлгө түзөт. Кыргыз Республикасынын Евроазиялык Экономикалык Союзга мүчө болуп кириши да эки өлкөнүн жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү өз ара кызматташтыгын дагы да ар тараптан тереңдетээрине шек жок. Билим берүүдөгү кызматташтыктар эки мамлекеттин ортосундагы кызматташуулардын маанилүү бөлүгү болуп саналат.

7. Кыргыз Республикасынын Россия Федерациясында жана Россия Федерациясынын Кыргыз Республикасында 2020-жыл перекрестным жыл деп жарыяланышы мындан ары саясий, маданий, гуманитардык чөйрөлөрдө,

анын ичинде ЖОЖдордун кызматташтыгында эки тараптуу мамилелерди бекемдөөгө жаңы этабын түзөт.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

1. Эки тараптуу жогорку окуу жайлар аралык кыргыз-орус кызматташтыгын мындан ары чыңдоо үчүн, биргелешкен долбоорлорду ишке ашыруунун алкагында Билим берүү жана инновациялык Кыргыз-Россия илимин жана билимин өнүктүрүү фондунун (OIRKFRNO) ишмердүүлүгүн активдештирүү жана ар кандай типтеги маалымат базаларын жана биргелешкен изилдөө борборлорун түзүү менен окумуштуулардын, окутуучулардын стажировкасы, студенттердин, магистранттардын жана аспиранттардын академиялык мобилдүүлүгүн арттыруу керек.

2. Кыргыз Республикасынын өкмөтүнө, мигранттардын проблемалары менен иш алып барган мамлекеттик структураларга, кыргыз жаштарынын Россиялык ЖОЖдорунда, аралыктан окутуу боюнча билим алуусу үчүн укуктук - нормативдик чендерди түзүүнү өнүктүрүү.

3. Эки өлкөнүн өткөн тарыхы боюнча окумуштуулардын биргелешкен монографияларын, окуу куралдарын, колдонмолорун жазуу үчүн илимий проектилерди ишке ашыруу;

4. Билим берүү жана илим министрлиги улуттук квалификациялык, рейтингдик системаларын өнүктүрүү, аккредитациялоо программаларынын процедураларын синхрондоштуруу.

5. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик саясатты ишке ашыруу ыйгарым укуктуу органдары (МОН КР, ГАДМФКиС) жаштар чөйрөсүндөгү уюмдардын ишин, инновациялык жана патриоттук форумдарды, ошондой эле Кыргызстандагы жана Россиядагы ЖОЖдордун жаштар үчүн биргелешкен чыгармачыл жана спорттук иш-чараларын активдештириши керек.

**Диссертациянын мазмуну төмөнкү эмгектерде чагылдырылган.**


1. *Алыкулова, Г.К.* Становление и развитие высшей школы в Кыргызстане [Текст] / Г.К. Алыкулова // Социальные и гуманитарные науки. – 2010. - №1-2. – С. 19- 23.
2. *Алыкулова, Г.К.* Кыргызско-Российские связи в сфере высшего образовагия [Текст] / Г.К. Алыкулова // Экология и жизнь : сборник статей XXII Международной научно – практической конференции. – Пенза, 2012. - С. 117-120.
3. *Алыкулова, Г.К.* Из истории становления кыргызско-российских связей в сфере высшего образования [Текст] / Г.К. Алыкулова // Вестник КГУ имени И. Арабаева. - 2012. - №3. – С. 84-87.
4. *Алыкулова, Г.К.* Международное сотрудничество в современном образовательном пространстве [Текст] / Г.К. Алыкулова // Вестник КНУ имени Ж.Баласагына. – 2013. - №1. – С.108-112.

**5.** *Алыкулова, Г.К.* Рынок шартында жогорку окуу жайларды реформалоо [Текст] / Г.К. Алыкулова. // Актуальные проблемы социально – экономического и правового образования: материалы конференции посвящ. году укрепления кыргызской государственности. – Бишкек, 2015. - С. 35-37.
**6.** *Алыкулова, Г.К.* Кыргызстандын өткөөл мезгилдеги билим берүү жаатындагы мамлекеттин саясаты [Текст] / Г.К. Алыкулова // Актуальные проблемы социально – экономического и правового образования: материалы конференции посвящ. году укрепления кыргызской государственности. – Бишкек, 2015. - С. 29-35.
**7.** *Алыкулова, Г.К.* Кыргыз Республикасы менен Россия: жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү кызматташтык [Текст] / Г.К. Алыкулова // Казак тарихи. - 2015. - № 8 (139). - С. 31 – 33.
**8.** *Алыкулова, Г.К.* Кыргызстан – Россия: сотрудничество в сфере образования [Текст] / Г.К. Алыкулова // Наука новые технологии и иновации Кыргызстана. – 2018. - № 7. – С. 192-196.
**9.** *Алыкулова, Г.К.* Образовательные связи Кыргызстана и России [Текст] / Г.К. Алыкулова. // Наука новые технологии и иновации Кыргызстана. – 2018. - №7. – С.185-189.
**10.** *Алыкулова, Г.К.* Кыргызстан – Россия: жогорку окуу жайлар алкагындагы байланыштары (1991-2011-жж.) [Текст]: моногр. / Г.К. Алыкулова. – Бишкек: [б.и.], 2018. – 166 с.
**11.** *Алыкулова, Г.К.* Академическая мобильность – одно из направлений международной интеграции образования [Текст] / Г.К. Алыкулова // Наука новые технологии и иновации Кыргызстана. – 2018. – № 8. – С. 125-129.
**12.** *Алыкулова, Г.К.* Октябрская революция и образование в Кыргызстане [Текст] / Г.К. Алыкулова // Наука новые технологии и иновации Кыргызстана. – 2018. – № 8. – С. 121-125.
**13.** *Алыкулова, Г.К.* Углубление сотрудничества – основное направление развития образовательной интеграции в условиях глобализации [Текст] / Г.К. Алыкулова // Актуальные вопросы образования и науки. – 2019. - №1 (67). – С. 80-85.
**14.** *Алыкулова, Г.К.* Международные образовательные связи Кыргызстана [Текст] / Г.К. Алыкулова // Актуальные вопросы образования и науки. – 2019. - №1 (67). – С. 76-80.
15.*Курбанова Н.У.* Образовательная политика Кыргызстана начала XX века и ее реализация [Текст] / Н.У. Курбанова, Г.К. Алыкулова // Известия ВУЗов Кыргызстана. - 2019. – №. 9. – С. 80-83..
16. *Алыкулова Г.К.* Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын байланышы – мамлекеттердин кызматташтыгын бекемдейт [Текст] / Г.К. Алыкулова // Известия ВУЗов Кыргызстана. - 2019. - №.11. – С. 116-121.

**Алыкулова Гүлбү Корошовнанын «Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын кызматташтыгы (1991-2011-жж.)» деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**


**РЕЗЮМЕСИ**

**Негизги сөздөр:** Кыргызстан, Россия, ЖОЖ, реформа, кызматташтык, интеграция, көз карандысыздык, рынок мамилелери, КОСУ.

**Изилдөөнүн объектиси** – Кыргызстан менен Россия Федерациясынын ЖОЖдору

**Изилдөөнүн предмети** – Жаңы тарыхый шартта Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын кызматташтыгы.

**Изилдөөнүн максаты** –Кыргызстандын жана Россиянын жогорку окуу жайларынын кызматташтыгынын жаңы саясий жана экономикалык шартта интеграциялык процесстердин ишке ашырылышын жана билим берүүнүн сапатын жогорулатуудагы негизги багыттарын изилдөө жана талдоо.

**Изилдөө ишинин методологиялык негизин** – атайын жана жалпы илимий ыкмаларынын жыйындысы түздү. Изилдөө жүрүмүндө хронологиялык, салыштырмалуулук, объективдүүлүк жана тарыхыйлык ыкмалар колдонулду.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**
Диссертацияда Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү өз ара кызматташтыгынын тарыхнамесине жана тарыхый булактарына талдоо жүргүзүлдү; Россия Федерациясынын ЖОЖдорунун жана КР ЖОЖдорунун өз ара кызматташуусун изилдөөнүн методологиялык негизи түзүлдү; Эгемендүүлүк мезгилиндеги эки өлкөнүн жогорку окуу жайларынын өз ара байланыштарынын калыптануу жана өнүгүү тарыхы изилденди, ошондой эле бул байланыштардын негизги багыттары ар тараптуу илимий талдоого алынды; Диссертациялык изилдөөдө жогоруда аталган тарыхый аралыктагы Кыргызстан менен Россия Федерациясынын инженердик –техникалык жана социалдык – гуманитардык ЖОЖдорунун кызматташтыгы жана алардын билим берүүдөгү интеграциялык процесстердеги орду аныкталды; Кыргызстандын жана Россия Федерациясынын жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү кызматташтыгынын Кыргызстандын дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине кошулуусундагы ролу талдоого алынган; Илимий иште Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү интеграциялык процесстерди өнүктүрүүнү жакшыртуу багытындагы практикалык сунуштар иштелип чыкты.

**Диссертациянын теориялык-практикалык мааниси:** Диссертациялык изилдөөнүн негизги жыйынтыктары жана жоболору жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн Ата Мекендик тарых боюнча жалпы, атайын лекциялардын курсун иштеп чыгууда жана илимий изилдөөлөрдө колдонулушу мүмкүн. Ошондой эле диссертациянын илимий жыйынтыктары өлкөлөрдүн билим берүү жана илим министрлиги жана жогорку окуу жайлары үчүн илимий жана практикалык маалымат катары көмөк көрсөтө алат.

**Колдонуу боюнча сунуштар**: Диссертациянын мазмуну жана тыянактары Кыргызстан менен Россиянын эгемендүүлүк мезгилиндеги билим берүү проблемасы боюнча окулган лекцияларда, практикалык сабактарда, илимий конференцияларда, илимий эмгектерди жазууда, кызматташтыкты өнүктүрүүдө колдонулат.

**Колдонуу чөйрөсү**: Орто мектептин окуучулары жана мугалимдер, жогорку окуу жайлардын студенттери жана профессордук-окутуучулар, академиялык илимий кызматкерлер, дипломатиялык корпустар.

# РЕЗЮМЕ

Диссертация Алыкуловой Гулбу Корошовны на тему: **«Сотрудничество высших учебных заведений Кыргызстана и России (1991-2011 гг.)»** на соискание ученой степени кандидата исторических наук, по специальности 07.00.02 – отечественная история.

**Ключевые слова:** Кыргызстан, Россия, ВУЗ, реформа,сотрудничество, интегрция, независимость, рыночные отношения, КРСУ.

**Объект исследования** – ВУЗы Кыргызстана и Российской Федерации

**Предмет исследования** – сотрудничество высших учебных заведений Кыргызстана и России в новых исторических условиях.

**Целью исследования** является системный анализ основных направлений сотрудничества высших учебных заведений Кыргызстана и России в новых политических и экономических условиях в реализации формирования интеграционных процессов и повышения качества образования.

**Методологическая основа исследовательской работы** – совокупность специальных и общенаучных методов, основанных на принципах объективизма и историзма.

**Научная новизна исследования:** Проведен историографический и источниковедческий анализ исследуемой темы; Освещены методологические основы исследования взаимного сотрудничества вузов РФ и КР; Выявлены основные этапы истории формирования и развития взаимной связи высших учебных заведений двух стран в период суверенитета, проведен всесторонний научный анализ их основных направлений; Исследованы связи инженерно-технических и социально-гуманитарных вузов двух стран, определена их роль в интеграционном процессе; Проанализирован процесс интеграции системы образования РФ и КР в Мировое образовательное пространство (МОП); Предложены практические рекомендации по усовершенствованию развития интеграционных процессов в сфере высшего образования Кыргызской Республики и Российской Федерации.

**Теоретическая и практическая значимость диссертации:** Основные результаты и положения диссертационного исследования могут быть использованы при разработке общих, специальных лекций по отечественной истории и исследованиям для студентов вузов. Научные результаты диссертации также могут служить научной и практической информацией для министерств образования и науки и университетов стран.

**Рекомендации по применению:** содержание и выводы диссертации используются в лекциях, семинарах, научных конференциях по проблемам образования в Кыргызстане и России в период независимости, написании научных работ, развитию сотрудничества.

**Область применения:** старшеклассники и преподаватели, студенты и преподаватели вузов, академические исследователи, дипломатический корпус.

**SUMMARY**

Dissertations of Alykulova Gulbu Koroshovna on the theme: **«Cooperation of higher educational institutions of Kyrgyzstan and Russia 1991-2011»** for the degree of candidate of historical Sciences, specialty 07.00.02 – national history

**Key words:** Kyrgyz Republic, Russian Federation, higher education institutions, education system, independence, reforms, globalization, market relations, integration, cooperation, communications, universities, personnel, new technologies, KRSU.

**The object of research:** is Universities in Kyrgyzstan and the Russian Federation

**The subject of researc**h: is the cooperation of higher educational institutions of Kyrgyzstan and Russia in the new historical conditions.

**Purpose of research:** is a systematic analysis of the main directions of cooperation between higher education institutions of Kyrgyzstan and Russia in the new political and economic conditions in the implementation of the formation of integration processes and improving the quality of education.

**The methodological basis of the research work**: is a set of special and General scientific methods. The research method of the dissertation is based on the principles of objectivism and historicism.

**Scientific novelty of the research:**

A historiographical and source-research analysis of the topic under study was carried out; The methodological basis of the study of mutual cooperation between universities of the Russian Federation and the Kyrgyz REPUBLIC is highlighted; The main stages of the history of the formation and development of mutual relations between higher education institutions of the two countries during the period of sovereignty are revealed, and a comprehensive scientific analysis of their main directions is carried out; The relations between engineering and social-humanitarian universities of the two countries are studied, and their role in the integration process is determined; The process of integration of the education system of the Russian Federation and the Kyrgyz REPUBLIC into the World educational space (MOS) is analyzed; Practical recommendations for improving the development of integration processes in higher education in the Kyrgyz Republic and the Russian Federation are proposed.

**Theoretical and practical significance of the dissertation:** The main results and provisions of the dissertation research can be used in the development of general, special lectures on Russian history and research for university students. The scientific results of the dissertation can also serve as scientific and practical information for the ministries of education and science and universities of countries.

**Recommendations for use:** the content and conclusions of the dissertation are used in lectures, seminars, scientific conferences on education problems in Kyrgyzstan and Russia during the period of independence, writing scientific papers, and developing cooperation.

**Scope of application:** older graders and teachers, students and university teachers, academic researchers, the diplomatic corps.

Басуугa кол коюлду 27.01.2021
Офсет кагазы
Көлөмү 1,5
«Окуу китеби» КАО басмаканасынан басылды
Бишкек ш,. Эркиндик бул. 25
Тел.: 0(312) 62-23-68